**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б.Н. ЕЛЬЦИН атындагы**
**КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 12.23.669**

***Кол жазма укугунда***

**УДК 347.132**

**Жаркынбаев Толкунбек Жаркынбаевич**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМАНЫН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ (2010-2021-жж.)

12.00.02 – Конституциялык укук; муниципалдык укук

юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2024**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мамлекет жана укук Институтунда аткарылды

**Научный жетекчиси:** **Ботоева Чынара Кычийевна**
юридика илимдеринин доктору, доцент, КРнын Президентине караштуу мамлекеттик башкаруу академиясынын "юриспруденицэ жана философия" кафедрасынын профессорунун м.а.

**Расмий оппоненттери:** ..........................................................................

..........................................................................

..........................................................................

..........................................................................

**Жетектөөчү мекеме:** ..........................................................................

Диссертациялык иш 2024-жылдын "_____" ________саат "_____" дө_________________________караштуу юридика илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д..............диссертациялык кенештин жыйынында корголот.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а.), Ж.Баласын атындагы кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан (Бишкек ш.,Тынчтык пр. 27) жана диссертациялык кеңештин сайтынан (https://vak.kg/). таанышууга болот.

Автореферат 2024 – жылдын "___"_____________ таркатылды.

**Диссертациялык кенештин**
**окумуштуу катчысы,**
**ю.и.к., доццент** ................................................

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** конституциялык реформалар туурасындагы азыркы илимий билимдерди изилдөө кыйла татаал маселелердин олуттуу көлөмүн кароону талап кылары менен белгиленген. Алардын ичинде конституциялык реформалардын теориясы, методологиясы жана практикасы, алардын функционалдык багыттуулугу маселелери туруп, аталган көрүнүштүн татаалдыгы жана көп аспекттүүлүгү менен шартталган.

Конституциялык реформа, бардык чыгармачылык ишмердүүлүк сыяктуу эле белгилүү бир он маанидеги натыйжаларга жетүү үчүн аталган процесстин теориялык жана практикалык тараптарын эске алуусу керек. Биздин өлкөдө эгемендүүлүкө ээ болгондон кийинки өткөрүлүп жаткан конституциялык реформалар негизинен бир тараптуу мүнөзгө ээ болушуп, аталган маселени чечүүнүн теориялык аспектилерине өзгөчө көнүл бурбастан кандайдыр-бир практикалык маселелерди чечүүгө багытталган. Бардык эле реформанын акыркы максаты катары белгилүү бир практикалык натыйжаны алуу эсептелет, бирок аталган натыйжага теориялык жана илимий негиздерди эске албастан жетүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан биз жогоруда белгилеген маселеге болгон илимий кызыгуу кандай теориялык жоболор конституциялык реформаларды жүзөгө ашырууда колдонулгандыгын, ал эми кайсылары көнүл сыртында калгандыгын, аталган реформаларды жүзөгө ашыруунун механизмдери кайсылар экендигин изилдөөдөн улам келип чыккан.

Аталган изилдөөнүн актуалдуулугу жалпыланган түрдө Кыргызстандагы 2010-2021-жж. эки ири конституциялык реформалардын мисалында институционалдаштыруу процесстери изилденишинде турат, анда бийлик институттарына салыштырмалуу талдоо берилет, андан тышкары алардын андан аркы демократиялык багыттуулугунун теориялык, методологиялык жана практикалык масмелелери каралат.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Аталган диссертациялык изилдөө өзүнө Кыргыз Республикасынын узак мөөнөткө болгон өнүгүүсүнүн стратегиялык маанилүү көрсөткүчүн камтыган Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жж. өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясы *[Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 27-июнундагы Буйругу [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: http://www.gov.kg/?page id=125892]* сыяктуу мамлекеттик программалалар менен түздөн-түз байланышкан. Өлкөнүн келечектеги образын жана мамлекеттик башкаруунун бардык системасы үчүн багыттарды аныктаган Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейинки өнүгүүсүнүн Улуттук программасы *[ Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябры, № 435] [Электронндук ресурс]. – Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/430699/edition/1178626/ru]*. Конституциялык

реформаны жүзөгө ашыруунун маанилүү багыты болуп азыркы мезгилде 2021-2026-жж. "Кыргыз жараны" жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү Концепциясы сыяктуу актыларды кабыл алуу жана жүзөгө ашыруу саналат *[Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы, №39 Буйругу [Электронндук ресурс]. – Кирүү режими:* https:// *cbd.minjust.gov.kg/430346/edition/1253187/ru]*. Руханий-адеп-ахлактык жана дене-тарбиялык тарбиялоо туурасындагы концепция *[Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-июлундагы УП №313 Буйругу [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/430539/edition/1084953/ru]*; Кыргыз Республикасынын Президентинин "Улуттук каада-салттар туурасындагы" Буйругу *[Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы №157 Буйругу [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/5-9919/edition/1169161/ru]* ж.б.; андан тышкары коомдук турмуштун негизги бардык чөйрөлөрүнө таандык болгон жаны мыйзам актыларын иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** болуп Кыргыз Республикасындагы (2010-2021-жж.) конституциялык реформанын теориялык маселелерин комплекстүү илимий изилдөө жана анын негизинде Кыргыз Республикасындагы конституционализмдин андан аркы өнүгүүсүнө багытталган теориялык-практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу саналат.

Белгиленген максатка ылайык диссертациялык иштин төмөндөгүдөй **милдеттери** аныкталды**:**

-конституциялык реформа түшүнүгүн жана анын өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

-конституцияларды жүзөгө ашыруунун негизги моделдерине талдоо жүргүзүү;

-конституциялык реформалардын чет элдик тажрыйбасына салыштырмалуу талдоо жүргүзүү;

-Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформаларды изилдөөнүн методологиясын аныктоо;

-Кыргызстандагы эгемендүүлүкө чейинки конституционализмдин калыптануусун жана өнүгүүсүн кароо;

-Эгемендүү Кыргыз Республикасынын конституциялык реформаларынын негизги этаптарын жана конституциялык процесс маселесин аныктоо;

-2010-2021-жж. саясий чөйрөдөгү Кыргыз Республикасынын конституциялык реформаларына талдоо жүргүзүү жана алардын оптимизациялоонун негизги тенденциялары менен жолдорун аныктоо;

-2010-2021-жж. реформалардын алкагында Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн социалдык-экономикалык негиздерине прогноз берүү жана анын реалийлерин ачып берүү;

-2010-2021-жж. Конституциялардагы кыргыз коомунун руханий-маданий негиздеринин чагылдырылуусун ачып берүү жана алардын конституциялык өнүгүү келечегин аныктоо.

**Иштин илимий жаңылыгы** жалпы көңүл бурууга арзый турган изилдөө теориялык-укуктук мааниге ээ болгон Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформанын маселелерин комплекстүү изилдөөнүн бирден-бир аракети болуп саналары менен аныкталат. Иштин илимий жаңылыгы андан тышкары конституциялык реформа маселелери кийинки саясий-укуктук реалийлердин, концептуалдык жоболордун алкагында талдоого алынары менен аныкталат.

Жүргүзүлгөн изилдөө илимий жаңылык белгисине ээ, андыктан анда алгачкылардан болуп Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформалоонун теориялык маселелелерине комплекстүү маани берүү жана өлкөнүн андан аркы конституциялык өнүгүүсүнүн тенденцияларын ачып берүү аракети көрүлгөн. Аталган изилдөөдө автор Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформа маселелерине системалуу талдоо жүргүзүлөт, андан тышкары биринчилерден болуп жүргүзүлгөн конституциялык реформалар жана конституциялык процесс маселелерине, өлкөдө жүзөгө ашырылган акыркы конституциялык реформанын алкагында Кыргыз Республикасындагы андан аркы конституциялык өнүгүүсүнүн тенденцияларына маани берүү аракети жасалган.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** анын натыйжаларын конституциялык реформаны саясий-укуктук феномен катары камсыздоо жана ишке ашыруу маселелерин караган учурда пайдалануу жана киргизүү мүмкүнчүлүгүндө турат. Диссертация камтылган сунуштар жана сунуштамалар Кыргыз Республикасында конституциялык реформалоо маселелери боюнча келечектеги илимий изилдөөлөрдө колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн натыйжалары мамлекеттик органдардын ички жана тышкы саясатты реформалоо процессинде практикалык иш-аракеттерди иштеп чыгууда жана ишке ашырууда пайдаланылышы ыктымал. Изилдөөнүн материалдары, жыйынтыктары жана тыянактары өлкөнүн укуктук базасын жакшыртуунун негизги болуп, ошондой эле «Мамлекет жана укук теориясы», «Конституциялык укук», «Муниципалдык укук» дисциплиналарында колдонулуп, лекцияларды жана башка окуу-методикалык материалдарды даярдоодо пайдаланылышы мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Конституциялык реформаны аныктоодо, конституциялык өзгөрүүлөрдү реформалардын бир түрүнө таандык кылуу үчүн шарттарды же масштабдарды так аныктоо маанилүү. Бир нече илимий теорияларды жана жакындашууларды талдоонун жана жалпылоонун жолу менен, конституциялык реформанын автордук аныктамасы түзүлдү. Бул объективдүү муктаждык менен шартталган, мамлекеттин конституциясын өзгөртүү же кайра карап чыгуу процессин билдирет. Бул маанилүү саясий жана укуктук механизми болуп, мамлекеттик бийликти уюштуруудан,

жарандардын укуктары жана эркиндигинен, мамлекеттик башкаруу принциптеринен жана башка негизги факторлордон турган конституциялык түзүлүштүн ар кандай аспектилерин камтышы мүмкүн.

2. Конституциянын тигил же бул моделин ишке ашыруу тарыхка, учурдагы үрп-адаттарга жана каада-салттарга, социалдык-экономикалык, руханий-маданий өзгөчөлүктөргө, мамлекеттин укуктук жана саясий системасына түздөн-түз байланыштуу экендиги аныкталды. Ошондуктан, ар бир моделдин өнүгүшү конституциянын формалдуу колдонушунан конституциялык нормаларды кыйла ийкемдүү колдонууга уникалдуу, өзгөчө жол менен өтөт.

3. Эл аралык конституциялык реформалардын тажрыйбасын пайдалануу Кыргыз Республикасына туруктуураак, натыйжалуу жана демократиялык укук системасын түзүүгө мүмкүндүк берет, ал эми бул туруктуулукту, демократиялык болушун жана эл аралык нормаларга жооп берүүсүн жогорулатат. Бирок, эл аралык тажрыйбаны алган учурда, кыргыз коомунун улуттук өзгөчөлүктөрүн жана каада-салттарын эске алуу маанилүү болуп, бул реформаларды ийгиликтүү ишке ашырууга көмөк көрсөтөт.

4. Кыргызстандын конституциялык реформаларын методологиялык изилдөөнүн зарылдыгы демократиялашуу процесси, биринчи кезекте, укуктук жана тарыхый-саясий фактор катары көрүлүшү менен байланыштуу. Бул процесс, конституциялык формалардын бири-бирине өтүшүнө жана конституционалдаштырууга байланыштуу туруктуу тенденцияларды камтыйт, бул болсо кыргыз коомунда туруктуулукту камсыз кылат.

5. Кыргыз Республикасындагы азыркы конституционалдуулук модели дүйнөлүк саясий процессинде өзүнүн ордун татыктуу ээлейт, бирок ага таандык анык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат. Бул өзгөчөлүктөр, биринчи кезекте, биздин өлкөдө конституционалдуулук идеяларын ишке ашыруу боюнча жетишсиз тажрыйбанын бар экендиги; экинчиден, биздин коомдун тарыхы жана өнүгүү жолдору; үчүнчүдөн, өз менталитетибиз жана демократияны түшүнүү өзгөчөлүктөрү; төртүнчүдөн, укуктук жана саясий маданиятты түзүү процессинин улантылып жатышы, бул болсо конституциялык реформанын идеяларын ишке ашырууну мүмкүн кылбайт; жана бешинчиден, демократиялык конституционалдуулукту калыптандыруу үчүн дагы убакыт талап кылынат. Ошентип, биздин өлкөдөгү конституционалдуулук азыркы учурда калыптануу баскычында турат, ошентип ал улам ылдамдыка ээ болууда, түрдүү объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү тоскоолдуктарды жеңип, конституционалдуулук өзү коомдогу демократиялашуу жана дүйнөлүк конституционалдуулуктун прогрессивдүү жана позитивдүү идеяларын ишке ашырууда өз жолун улантууда.

6. Ар кандай көз караштарды талдоонун негизинде, конституциялык процесстин автордук аныктамасы катары аны, өлкөнүн конституциялык өнүгүүсүнүн бардык спектрин мүнөздөгөн бир нече ырааттуу этаптарынан турган татаал, укуктук процесс деп аныкталат.

7. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинде элге мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын конституциялык-укуктук жана башка жоопкерчилигин камсыздоо принципин практикалык ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши же Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жакын арада «Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын конституциялык-укуктук жоопкерчилиги жөнүндө» мыйзам долбоорун даярдап, аны коомдук талкууга чыгаруу керек. Бул мыйзам долбоорунда күнөөлүү кызмат адамдарын конституциялык-укуктук жана башка жоопкерчиликке тартуунун бардык механизмдерин караш керек.

8. Мамлекет менен коом үчүн маанилүү болгон институт, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу институтунун укуктук жөнгө салынуусу Жобо менен эмес, атайын мыйзам менен жүргүзүлүшү керек. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын «Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу жөнүндө» мыйзам долбоорун иштеп чыгуу зарыл, ал милдеттеринин чөйрөсүн, иш принциптерин, дайындоо жана кызматтан алуу тартибин, милдеттерди, чектөөлөрдү, бул кызматты ээлөө менен байланышкан жоопкерчиликтерди аныктайт.

9. Мамлекеттик саясаттын идеологиялык негизин түзүү, ошондой эле улуттук иденттүүлүктү түзүү жана коомдогу мекенчилдикти бекемдөө максатында, кыргыз элине мүнөздүү салттуу баалуулуктарга негизделген улуттук идеологияны иштеп чыгуу керек. Бул үчүн, коомдук-саясий мүнөздөгү сунуштарды түзүүчү диалогдун негизинде иш алып баруучу Улуттук кеңешти түзүү зарыл, бул кеңеш коомду жана мамлекетти өнүктүрүүгө жардам берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** диссертация өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналары менен аныкталат. Диссертант тарабынан иштин жаңылыгын жана практикалык маанисин түзүүчү коргоого сунушталган негизги жоболору жекече иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы жана киргизилиши**. Изилдөөнүн натыйжалары илимий басылмаларда, үч жыл аралыгындагы аспирантуранын күндүзгү бөлүмүндөгү окуу процессинде чагылдырылды. Негизги жоболору тезистер, ар кыл эл аралык денгээлдеги илимий-практикалык конференциялардагы чыгып сүйлөөлөр жана докладдар түрүндө апробацияланды. Бул жерге анын бир нече макалаларын киргизүү керек жана аны мындайча жазуу абзел «Содержание политической функции государства на современном этапе» // Вестник КРСУ. 2013. Т.13, №5;

Натыйжаларынын чагылдырылуусунун толуктугу. Диссертациянын негизги жоболору менен жыйынтыктары КР УАК тарабынан сунуш кылынган ата-мекендик жана чет элдик мезгилдүү басылмаларда 6 илимий, анын ичинде бир нече макаласы РИНЦ журналдарында жарык көргөн.

Балдарынын жалпы саны кандидаттык диссертацияларды коргоодо коюлган талаптарга жооп берет.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү** изилдөөнүн жогоруда көрсөтүлгөн максаты менен милдеттери менен шартталган. Иш киришүүдөн, өзүнө тогуз бөлүмдү камтыган үч баптан, корутундудан, практикалык сунуштамалардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү 174 бетти түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу, максаттары жана милдеттери, натыйжалардын илимий жаңылыгы, диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси ачылып көрсөтүлгөн. Коргого чыгарылган негизги жоболору берилипө, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациялануусу жана диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылуусунун толуктугу тууралсындагы маалыматтар келтирилип, диссертациялык иштин структурасы берилет.

**"Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформаларды изилдөөнүн теориялык негиздери"** - аттуу **биринчи бапта** кыргызстандык коомдогу конституциялык реформага байланыштуу негизги илимий булактар менен теориялык көз караштар каралат.

Биринчи баптын **"Конституциялык реформа түшүнүгү жана өзгөчөлүктөрү"** аттуу **биринчи бөлүмүндө** чет өлкөлүк жана ата-мекендик мамлекеттик-укуктук илимдин конституциялык реформаларды изилдөө жаатындагы ар түрдүү аспектилери каралат. Бул аспектилер, коомдогу жана мамлекеттеги өзгөрүүлөргө жооп берүүчү рационалдуу идеялар менен көз караштарды камтыган илимий билимдердин комплексин түзүүгө багытталган.

Изденүүчү конституциялык реформалардын жүрүшүндө Кыргызстанда укуктук мамлекеттүүлүк жана укук системасынын акырындык менен калыптанып, мамлекет конституциялык-укуктук негиздерге, жаңы багыттарга жана мүнөздөмөлөргө ээ болуп жаткандыгына көнүл бурат. Бул процесстин натыйжасында, ар түрдүү коомдук илимдердин өнүгүүндө түзүлгөн жаңы комплекстүү илимий багыт — конституциялык реформалар теориясы пайда болууда.

Азыркы учурда конституциялык-укуктук теория жана практика идеалдуу конституцияны ишке ашыруу моделин дагы иштеп чыга элек, бирок мындай моделди табууга же аны белгилөөгө болгон аракеттерди ушул тармактагы изилдөөлөргө арналган материалдардан көрүүгө болот.

Кыргыз Республикасындагы конституциялык өнүгүүнүн кээ бир жекече маселелери А.А. Арабаевдын, Ж.А. Бокоевдун, Б.И. Борубашовдун, С.К. Косаковдун, Р.М. Мырзалимовдун, Э.Н. Ракимбаевдын, С.С. Сооданбековдун, Б.Т. Токтобаевдын, А.А. Токтогуловдун, М.К. Укушевдин ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

Олуттуу илимий салмака россиялык изилдөөчүлөр С.А. Авакьяндын, М.В. Баглайдын, В.Г. Баевдин, Л.В. Бутьконун, Н.А. Красновдун, А.Н. Медушевскийдин, В.С. Нерсесянцтын, И.М. Степановдун, Т. Хабриеванын, В.Е. Чиркиндин ж.б. эмгектери ээ.

Диссертацияны жазууда акыркы жылдары Р.Ш. Азыгалиев, З.У. Матисакова, Ж.К. Момбекова, В.Ж. Сагыналиева, К.Т. Сарыков, И.Б. Сатувалдиев ж.б. тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр да эске алынды.

Диссертацияда Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актылары менен катар, изилдөөнүн темасына тиешелүү эл аралык укуктук документтер да талданды.

Изденүүчү конституциялык реформаны кароо менен, ал негизинен мыйзам чыгаруучу жол менен жүргүзүлгөн өзгөртүүлөр катары түшүнүлүшү керектигин белгилейт, анткени конституция өлкөнүн негизги мыйзамы болуп саналат.

Мамлекеттин өнүгүүсүнүн белгилүү бир этаптарында, конституциялык кризис деп аталган абал келип чыгышы мүмкүн. Бул кризис, учурдагы укук системасынын кескин өзгөртүлүшүндө жатат, анын натыйжасы негизги мыйзамдын модификациясы болуп саналат. Конституциялык кризисти чечүү үчүн же бүт конституциялык системаны өзгөртүү керек, же анын бир бөлүгүн гана жаңылоо зарыл. Биринчи учурда, бүт укук системасынын радикалдуу өзгөрүүсү болуп, бирок айрым ырааттуулук элементтери сакталат.

Конституциялык реформаны теориялык жактан изилдөө анын масштабдарын аныктоого, ички мазмунуна терең сүңгүп кирүүгө, элементтеринин тышкы жагдайлар менен жана процесстер менен болгон байланышын табууга мүмкүндүк берет. Бул реформанын бардык татаалдыктары жана көп түрдүүлүктөрү, объективдүү жагдайларга болгон көз карандылыгы жана коомдук организмдин, мамлекеттик-укуктук процесстердин өнүгүү мыйзамдарына ылайыктыгы менен өз ара байланышта экендигин ачып берет.

Конституциялык реформалар аркылуу, демократиялык негиздерди тереңдетүү жана бекемдөө стадиясындагы бир катар мамлекеттердеги заманбап конституциялык өзгөртүүлөр ачылып көрсөтүлөт. Соңку он жылдыкта постсоветтик мейкиндикте болгон конституциялык өзгөртүүлөрдүн тажрыйбасын талдоо негизинде, конституциялык реформалардын өзгөчөлүктөрүн жана алардын конституциялык текстти жөнөкөй өзгөртүүдөн айырмасын аныктап, көрсөтүү керек, бул өзгөртүүлөр мамлекеттин жана коомдун негизги принциптерин трансформациялоого алып келбейт.

Ошентип, конституциялык реформа мамлекеттерде конституциялык тартипти өнүктүрүү жана жакшыртуу үчүн маанилүү каражат болуп, мыйзамдарды коомдун өзгөрүп жаткан шарттары менен муктаждыктарына ылайыкташтырууга көмөк көрсөтөт.

Конституциялык реформа процессинин маанилүү компоненттеринин бири болуп бардык процедуралык аспектилердин ата-мекендик жана эл аралык мыйзамдуулуктун нормаларына толук жооп берүүсүн камсыз кылуу саналат.

Биринчи баптын **“Конституцияны жүзөгө ашыруунун негизги моделдерин талдоо”** аттуу **экинчи бөлүмүндө** изденүүчү конституцияны жүзөгө ашыруу маселеси боюнча авторлор түрдүү аныктамаларды беришерине көнүл бурат.

Мисалы, А.Е.Постников «Конституцияны ишке ашыруу конституциялык нормаларды конституциялык укук субъекттери тарабынан ишке ашыруу процессин билдирет» деп эсептейт [15, 37-б.].

Автор, «конституцияны ишке ашыруунун моделдери конституциялык жөнгө салуу теориясы жана практикасы боюнча калыптанган конституциялык жоболорду сактоо, пайдалануу жана колдонуу, ошондой эле конституциялык көзөмөлгө байланыштуу эрежелердин жыйындысы» катары түшүндүрүлөт деген пикир менен макул болот [18, 116-б.].

Р.М. Мырзалимов конституциялык көзөмөлдү конституцияны ишке ашыруу моделинин элементтери катары карап, 1991-жылдан бери Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет катары калыптанып, демократиялык өнүгүүгө жол алганын белгилейт. Ал коомдук -мамлекеттик түзүлүштүн структуралык жана системалык трансформациясы башталганын жана конституциялык көзөмөлдүн түзүлүшү демократиялык укуктук мамлекеттин эң маанилүү атрибуттарынын бири болуп калганын билдирет. Конституциянын ишке ашырылышын жана укуктук коргоосун камсыз кылуу зарылдыгы менен конституциялык көзөмөлдүн пайда болушу тыгыз байланышта экенин айтат [Мырзалимов Р.М. Краткий анализ и обзор публикаций в области конституционной юстиции в Кыргызской Республике. «Мамлекет жана укук» журналы, № 4. - Москва, 2019, 148-б.].

Изденүүчү Кыргыз Республикасынын эволюциялык өнүгүү процесси тарыхый, саясий-укуктук, социалдык-экономикалык жана маданий факторлор менен катар болот, бул факторлор өз кезегинде көчмөн жана уруучулук демократиянын принциптерин эске алып, анын андан аркы модернизациясынын негизин түзөт - деген жыйынтыкка келет,.

Конституцияны ишке ашыруу боюнча ар кандай моделдердин талдоосу, ар бир мамлекетте конституцияларды ишке ашыруу процесси ар башкача өтөөрүн көрсөтүп, бул процесстин ар түрдүү факторлордон көз каранды экенин билдирет. Кээ бир конституциялар, анын ичинде биздин конституция, бир нече моделдерди колдонуу менен ишке ашырылат, бул да ар кандай жагдайларга байланыштуу.

Изденүүчү азыркы учурда биздин республиканын конституциясы мамлекетте болуп жаткан бир нече процессин чагылдырып жатканын белгилейт: алар улуттун калыптанышы, рыноктук мамилелерди куруу, мыйзамдуулукту жана укук тартипти орнотуу, ошондой эле демократиялык башкаруу негиздерин кабыл алуу.

Биринчи баптын **“Конституциялык реформалардын чет элдик тажрыйбасы”** аттуу **үчүнчү бөлүмүндө** изденүүчү конституциялык реформалардын чет элдик тажрыйбасын изилдөө аталган бир тараптуу эмес көрүнүштү алып жүргөн бардык татаалдыктар менен маселелерди кыйла терен түшүнүү үчүн зарыл. Өзгөчө либералдык-демократиялык конституционалдуулук калыптанган мамлекеттердеги конституциялык укукту изилдөө мааниге ээ.

Автор белгилегендей, АКШдагы конституционалдуулуктун калыптанышы - бул колониялык мезгилден тартып, азыркы федералдык мамлекеттин түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө чейинки татаал көп тараптуу процесс. Бул процесстин илимий мүнөздөмөсү маанилүү документтерди, окуяларды жана өзгөрүүлөрдү карап чыгууну камтып, америкалык конституционалдуулуктун калыптанышына жана эволюциясына түрткү берди.

Андан ары изденүүчү Франция менен Германиядагы конституциялык реформалардын тажрыйбасын, ошол мамлекеттерге мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөр менен бирге талдайт.

Жакынкы чет өлкөлөрдөгү конституциялык өнүгүү жана реформалоо маселелерине да өзгөчө көңүл бурулат. Мисалы, Россия Федерациясында, Казакстанда жана Өзбекстанда конституциялык өнүгүүнүн негизги этаптары системалуу түрдө каралат.

Автор бир мамлекеттеги конституциялык реформалар башка мамлекеттер, демократиялык өзгөртүүлөргө жана укуктук жөнгө салууну жакшыртууга умтулгандар үчүн модел болуп кызмат кыла алат жана эл аралык стандарттар менен практикаларды жайылтууга көмөктөшөөрүн белгилейт.

**Экинчи бап** “**Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформалар: теориялык-методологиялык аспектилер**” деп аталып, үч бөлүмдөн турат, анда конституциялык реформаларды изилдөөнүн методологиясы, конституционалдуулуктун калыптануусу жана өнүгүүсү, конституциялык реформалардын негизги этаптары жана Кыргыз Республикасындагы конституциялык процесс маселелери каралат.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформаларды жүзөгө ашыруу процессинде калыптанган коомдук карым-катнаштардын комплекси эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформаларды жүзөгө ашыруунун теориялык-укуктук маселелерин жөнгө салуучу ата-мекендик мыйзамдуулуктун нормалары саналат.

Экинчи баптын **“Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформаларды изилдөөнүн методологиясы**” аттуу **биринчи бөлүмүндө** автор изилдөөнүн каражаттарын баяндайт.

**Изилдөөнүн методологиясын** таанымдын эн жалпы методу катары материалистик диалектика методу түздү. Иште социалдык-философиялык, конкреттүү-социологиялык, салыштырмалуу-укуктук, системалык-структуралык, логикалык, тарыхый-укуктук ыкмалары колдонулду, ошондой эле аксиология, герменевтика, компаративистика жана башка илимий изилдөө ыкмалары пайдаланылды.

Изденүүчү Конституциянын баалуулугун, социалдык байланыштардын жана институттардын аныкталышын, баяндалышын камсыз кылып, топтолгон методологиялык мааниге ээ түшүнүк катары карайт, анткени социалдык система кандай болбосун, анын мүчөлөрү тарабынан колдонула турган айрым баалуулуктарды сунуштайт.

Изилдөө учурунда автор Конституция, негизги нормативдик укуктук акт катары, белгилүү структуралык элементтерден турат деп эсептейт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мындай элементтери: кабыл алынган шарттарды жана максатты аныктаган преамбула; коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн эң маанилүү компоненттерин жөнгө салынган беш бөлүм; ар бир бөлүм өзүнүн тематикасына ылайык, белгилүү баптарды камтыйт.

Изденүүчү, конституциялык реформаларда методологияны колдонуу алардын ийгилиги менен туруктуулугун камсыздоо үчүн чечүүчү мааниге ээ. Методология системалуулукту, комплекстүү ыкманы, социалдык жана саясий реалийлерди эске алууну, ачыктыкты, негиздүүлүктү, тобокелдиктерди баалоону, ийкемдүүлүктү жана узак мөөнөттүүлүктү камсыз кылат. Бул элементтер азыркы коом менен мамлекеттин талаптарына жооп берген натыйжалуу укук системасын түзүүгө көмөктөшөт жана адилеттүү, туруктуу башкарууну камсыз кылат.

Экинчи баптын "**Эгемендүлүкө ээ болгонго чейинки Кыргызстандагы конституционалдуулуктун калыптануусу жана өнүгүүсү**" аттуу **экинчи бөлүмүндө** автор тарабынан биздин өлкөдөгү эгемендүүлүкө ээ болгонго чейинки конституционалдуулуктун калыптануу жана өнүгүү процесси менен байланышкан негизги аспектилер талдоого алынды.

«Конституционалдуулук - бул саясий-укуктук категория, ал конституциянын укук системасында, коомдо, мамлекетте ордун жана ролун чагылдыруучу, анын үстөмдүгүн жана коомдук мамилелерге тийгизген таасирин көрсөтөт. Мазмуну боюнча, конституционалдуулук - бул конституциялык түзүлүш, конституцияны ишке ашыруу жана анын коргоосу, камсыздалышы» - деп белгиленет.

Автор биздин өлкөнүн азыркы конституционалдуулук модели дүйнөлүк саясий процессте өзүнүн ордуна ээ экенин, бирок анын өзгөчөлүктөрү бар экенин белгилейт. Бул өзгөчөлүктөр, биринчи кезекте, биздин өлкөдө конституционалдуулук идеяларын ишке ашыруу боюнча жетишерлик тажрыйбанын жоктугу; экинчиден, биздин коомдун калыптануу жана өнүгүү тарыхы; үчүнчүдөн, биздин менталитет менен демократияны

түшүнүү боюнча өзгөчөлүктөр; төртүнчүдөн, укуктук жана саясий маданияттын калыптануу процессинин жүрүшү, бул реформаларды ишке ашыруу үчүн зарыл; бешинчиден, демократиялык конституционалдуулукту калыптандыруу үчүн дагы убакыт талап кылынат.

Изденүүчү ошондой эле, конституционалдуулук биздин өлкөдө дагы калыптануу стадиясында экенин, бирок алдыга жылып жатканын, ар бир жолу объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү ар кандай тоскоолдуктарды кездештирип, аларды жеңип, коомду андан ары демократиялаштыруу жана дүйнөлүк конституционалдуулуктун прогрессивдүү жана позитивдүү идеяларын ишке ашыруу үчүн өз жолун улантып жатканын тааныган.

Экинчи баптын **“Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформалардын негизги этаптары жана конституциялык процесстин маселелери”** аттуу үчүнчү бөлүмүндө изденүүчү саясий системанын калыптануусунда, мыйзамдын үстөмдүгүн орнотууда жана демократиялык институттарды бекемдөөдө негизги ролду ойношкон конституциялык реформалардын бир нече этаптарына таандык бир катар маселелерди, андан тышкары биздин өлкөдөгү конституциялык процесстин маселелерин талдоого алат.

Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн маанилүү кадамдарынын бири 1990-жылдын 15-декабрында Жогорку Кеңештин сессиясында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү декларация» саналат [Кыргыз Республикасынын 1990-жылдын 15-декабрындагы № 273-XII мыйзамы, мамлекеттик эгемендүүлүк жөнүндөгү декларация].

Декларация - бул Кыргызстандагы биринчи мыйзамдык документ, ал жаңы улуттук мамлекеттүүлүктү куруунун негизги принциптери жана жоболорун расмий түрдө жарыялаган. Бул декларация мамлекеттик эгемендүүлүктү, мамлекеттин бардык аймагында бийликтин үстөмдүгүн жана тышкы карым-катнаштарындагы көз карандысыздыкты билдирет.

Автор өткөн конституциялык реформаларды ар тараптан толук талдоого алат. Анын ичинде 1996, 2003, 2007, 2010, 2016 жана 2021-жылдардагы татаал саясий-укуктук процесстер камтылган.

Автордун пикири боюнча, конституциялык процесс, башка процесс сыяктуу эле, белгилүү бир стадиялардын болуусун билдирет. Бул стадияларды үч ири түргө бөлүүгө болот: 1) Конституцияны иштеп чыгуу, талкуулоо жана кабыл алуу; 2) иш алып барып жаткан Конституцияга өзгөртүүлөрдү, кошумчаларды киргизүү же кайра карап чыгуу; 3) Конституциянын колдонуу мөөнөтү ичинде конституциялык институттардын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу.

Изденүүчүнүн пикиринде, биздин өлкөнүн конституциялык процессинин илимий изилдөөсү жана практикалык ишке ашырылышы, заманбап конституциялык түзүлүштү, өзгөчөлүктөрү бар конституционалдуулук моделин түзүүгө алып келген тарыхый аспектилерди түшүнүү үчүн гана эмес, ошондой эле мамлекеттин учурдагы шарттарда

натыйжалуу иш алып баруусун камсыз кылуу үчүн да маанилүү экенин белгилейт.

**Үчүнчү бап “2010-2021-жж. Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформаларга саясий-укуктук талдоо жүргүзүү**” деп аталып, үч бөлүмдөн турат.

Үчүнчү баптын **“2010-2021-жж. саясий чөйрөдөгү Кыргыз Республикасынын конституциялык реформаларына талдоо жүргүзүү**” аттуу **биринчи бөлүмүндө** изденүүчү саясий чөйрөнү камтыган кээ бир аспектилерди талдоого алат, анда 2010-2021-жж. жүргүзүлгөн конституциялык реформалардын жүрүшүндө конституциялык түзүлүштүн саясий негиздерине талдоо берилет.

Автор белгилегендей, үч бийлик бутагынын өз ара аракеттенүүсү мамлекеттеги башкаруу формасынын маселесин ар дайым козгогон. 2010-жылдагы Конституцияны иштеп чыгуучулар, ал парламенттик башкаруу формасын орнотууга багытталганын билдиришкен, бирок юридикалык жана ал дээрлик ошондой болуп калбады, анткени анын ичинде парламенттик, президенттик жана аралаш башкаруу формаларынын белгилери камтылган.

2021-жылдын Конституциясына келсек, ал 2020-жылдын 10-январында өткөн конституциялык референдумдун жыйынтыгында президенттик башкаруу формасын кабыл алгандан кийин, бийлик системасын өзгөртүп, президентке олуттуу ыйгарым укуктарды кайтарды. Бул жагдай бийлик балансы жана өлкөнүн демократиялык өнүгүүсү жөнүндөгү кеңири талкууларды жаратты.

2021-жылдын Конституциясынын редакциясына көп сындар айтылган, бирок биздин мамлекеттеги фактылык башкаруу формасына келсек, президент дайыма бардык маанилүү маселелерди чечип келгенин байкаса болот жана бизде  президенттик башкаруу формасы болуп келген. 1993-жылдын Конституциясы кабыл алынганга чейинки үч жылда, анда парламенттик-президенттик (аралаш) башкаруу формасы белгиленген, ал бул формага ылайык келди. Бирок, 1996-жылдан тарта президенттин бийлиги күчөгөн жана 2010-жылдын Конституциясы да президенттин бийлигин чектей алган жок. Ошондуктан, 2021-жылдын Конституциясы юридикалык жактан биздин фактылык президенттик башкаруу формасын ачык айтып бекитти. Эми президент - мамлекеттин жана аткаруу бийлигинин башчысы. Мындан тышкары, учурдагы Конституциянын 89-беренесинин 5-пункту президенттин Министрлер Кабинетинин жана аткаруу бийлигинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалары үчүн жеке жоопкерчилигин белгилейт, демек, аткаруу бийлигинин иши боюнча конкреттүү жоопкерчилик эми Кыргыз Республикасынын президентинин мойнунда болот, мындай көрүнүш мурдагы конституцияларда болгон эмес.

2021-жылдын Конституциясына ылайык, Президент аткаруу бийлигинин жетекчиси катары Министрлер Кабинетин башкарууда, ошондуктан Министрлер Кабинетинин төрагасы президенттин администрациясынын жетекчиси болуп саналат. Бул президенттин аппараты

менен өкмөт аппаратынын бириктирилишине мүмкүнчүлүк берди, ал эми бул жаңылык бул органардын структурасын оптимизациялап, каржылык ресурстарды үнөмдөөгө алып келди.

Автор жарандык коом менен мамлекеттик органдардын жаңы институттары киргизилген деп белгилейт. Мисалы, Элдик Курултай, Балдардын укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу; Мамлекеттик катчы институту; ошондой эле мамлекеттик бийлик жүргүзүүдө негизделген принциптер кеңейген. Мисалы, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге коррупцияга шарт түзүүчү аракеттерди (бузуу) кылууга тыюу салуу; мамлекеттин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын эл алдында конституциялык-укуктук жана башка жоопкерчилиги; шайлоо укугу жана шайлоо системасы боюнча маселелер; мыйзам чыгаруучу демилгелер субъекттеринин курамы кеңейтилип, жергиликтүү бийликтин вертикалы күчөтүлгөн.

Конституциялык сот белгилүү бир ыйгарым укуктарга ээ, алардын маанилүүлөрүнүн бири - Конституцияны расмий түшүндүрүү; күчүнө кирбеген эл аралык келишимдердин конституциялуулугу боюнча корутундуларды берүү; Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү боюнча мыйзам долбооруна, ошондой эле Президентке каршы айыптоо үчүн белгиленген тартипти сактоо боюнча корутундуларды берүү.

Автор 2021-жылдагы Конституция саясий негиздерге олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизгенин белгилейт. Бул өзгөртүүлөр бийликтин өлкөдөгү саясий абалды турукташтыруу аракетин чагылдырат, мамлекеттик бийликтин функцияларынын натыйжалуу иштеши, бийлик бутактары арасында ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, башкарууну бекемдөө, ошондой эле Кыргызстанды мындан ары өнүктүрүү үчүн маанилүү эгендиги туурасындагы жыйынтык чыгарат.

Үчүнчү баптын “**2010-2021-жж. реформалардын алкагында Кыргыз Республикасындагы конституциялык түзүлүштүн социалдык-экономикалык негиздери**” аттуу **экинчи бөлүмүндө** изденүүчү 2010-жылдагы Конституциядан айырмаланып 2021-жылдагы Конституциянын жанылыгын талдоого алат. Мисалы, мураска алуу укугун кепилдеген норманы киргизүү тууралуу. Мураска алуу маселелери учурдагы мыйзамдар менен жөнгө салынган болсо да, 2021-жылгы Конституция мураска алуу укугун адамдын негизги укуктарынын бири катары таанып, анын кепилдиктенгенин конституциялык деңгээлде жарыялады.

Автор 2021-жылдагы Конституцияга “Кыргыз Республикасы ар түрдүү экономикалык ишмердүүлүк формаларын өнүктүрүү шарттарын түзөт жана улуттук экономиканын кызыкчылыктарын коргойт” деген берене кошулганын белгилейт. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясы экономикалык ишмердүүлүк эркиндигин кепилдиктейт, бул рыноктук экономиканын негизги принциптеринин бири болуп саналат жана жарандар менен юридикалык жактардын ишкердик менен эркин алектенүү,

экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүн тандоо, ишканаларды түзүү жана келишимдик мамилелерге кирүү укугуна ээ экенин билдирет. Конституция ишкерлердин укуктарын коргоо жана базар катышуучулары үчүн теңдик шарттарын камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктерди карайт.

2021-жылдагы Конституция 2010-жылдагы Конституциядан айырмаланып, адам укуктары менен эркиндиктери боюнча жалпы кабыл алынган классификацияга ылайык, укуктарды жана эркиндиктерди: жеке укуктар жана эркиндиктер, саясий укуктар, экономикалык жана социалдык укуктар деп бөлүп көрсөткөн.

Социалдык камсыздандыруу боюнча, 2021-жылдагы Конституция, мурунку конституцияларга караганда, "пенсия, социалдык төлөм жана башка социалдык жардамдар мыйзам тарабынан белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбошу керек" деген норманы киргизген [Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2021-жыл, 5-май]. Бул нормалар, мурунку Конституцияда социалдык төлөмдөр боюнча жалпы мүнөздө болгондуктан, мамлекеттик органдардын маселени чечүүдө маневр жүргүзүп, бюджеттин тартыштыгы менен түшүндүрүп, төмөнкү социалдык төлөмдөрдү белгилөөгө мүмкүнчүлүк берген. Мамлекет башчысынын экономикасын өнүктүрүү жана финансылык каражаттарды туура бөлүштүрүү боюнча аракеттери натыйжасында, бардык социалдык төлөмдөр азыркы учурда жашоо минимумунун белгиленген өлчөмүнөн төмөн болбой аткарылып жатат.

Мамлекеттин социалдык мүнөздөмөсүн баса белгилеп, 2021-жылдагы Конституция аз камсыз болгон жана социалдык жактан чабал топторго колдоо көрсөтүүгө өзгөчө көңүл бурат. Бул, 2010-жылдагы Конституцияда болгондой, бир гана норманын деңгээлинде эмес, бир нече нормаларда чагылдырылган.

Изденүүчү белгилегендей, Кыргыз Республикасындагы конституциялык түзүлүштүн социалдык-экономикалык негиздери туруктуу, адилеттүү жана гүлдөгөн коомду түзүүнүн негизги ролун ойнойт. Кыргыз Республикасынын Конституциясы менчик формаларынын ар түрдүүлүгүнүн, экономикалык ишмердүүлүк эркиндигинин, экономиканын социалдык багыттуулугун жана мамлекеттин жөнгө салуучу ролунун, үй-бүлө институтун коргоонун, адам укуктары жана эркиндиктеринин негизги принциптерин бекитет.

Үчүнчү баптын **"Кыргыз коомунун руханий-маданий негиздери жана алардын 2010 жана 2021-жж. Конституциялардагы чагылдырылуусу**" деген **үчүнчү бөлүмүндө** изденүүчү тараптан өзүнө коомдун руханий турмушун калыптандыруучу жана анын иденттүүлүгүн аныктоочу баалуулуктардын, нормалардын, салттардын, идеалдардын, ишенимдердин жана маданий практикалардын жыйындысын камтып турган коомдун руханий-маданий негиздери талдоого алынат. Бул негиздер социалдык биримдикти, маданий мурасты өткөрүп берүүнү жана кээ бир индивиддердин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууну колдоо үчүн абдан маанилүү болуп саналат.

Социалдык институттар, мисалы, үй-бүлө, диний уюмдар жана коомдук бирикмелер, коомдун руханий- маданий негиздерин сактоодо жана өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт.

2010-жылдын Конституциясынын 37-беренесинин 1-пунктунда «элдик үрп-адаттар жана каада-салттар, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин бузбаганда, мамлекет тарабынан колдоого алынат» [Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы Конституциясы] деп көрсөтүлгөн. Бул жоболордун ортосундагы айырма, 2010-жылдын Конституциясында үрп-адаттар жана каада-салттар мамлекет тарабынан жөн гана колдоого алынган болсо, 2021-жылдын Конституциясында аларды колдоо менен катар, Кыргызстан элинин маданиятын өнүктүрүү үчүн сактоо керектиги белгиленет. Анткени, бул үрп-адаттар жана каада-салттар маданий өзгөчөлүктү сактоодо жана коомдун уникалдуу маданий образынын калыптануусунда маанилүү ролду ойнойт.

Конституциянын аталган нормасын жүзөгө ашыруу, андан тышкары элдик каада-салттар менен үрп-адаттарды колдоо, сактоо жана коргоо максатында мамлекет башчысы Кыргыз Республикасынын Президентинин Буйругу жарык көргөн, алар төмөнкүлөр: “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбиялык тарбиясы туурасындагы” *[Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-июлундагы УП №313 Буйругу [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/430539/edition/1084953/ru]*; «Улуттук каада-салттар туурасында» *[Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы УП №157 Буйругу [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/5-9919/edition/1169161/ru]*; «2022-2027-жж. улуттук каада-салттарды сактоо жана өнүктүрүү туурасындагы Улуттук программаны бекитүү туурасында” *[Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 30-августундагы УП №303 Буйругу [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/5-9988/edition/1185564/ru]*. Бул бардык Буйруктар элдин ынтымагы менен мамлекеттин өнүгүүсүн бекемдөө үчүн биздеги салттуу руханий-адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарды сактоого багытталган.

Автор белгилегендей, салттуу коомдун улуттук баалуулуктарынын чокусу улуттук идеология болуп саналат, анткени ал коомду тарыхты, каада-салттарды, үрп-адаттарды, философияны, саясий-укуктук окууларды, социалдык-экономикалык, саясий-укуктук системаны, диний көз караштарды, маданиятты, искусствону жана чыгармачылыкты чагылдырат.

Идеология — бул баалуулуктар, идеялар жана ынанымдар системасы, ал коомдун жалпы максаттарын, нормаларын жана принциптерин түзөт, ошондой эле ушул максаттарга жетүү үчүн стратегияларды аныктайт.

Руханий-маданий чөйрөдөгү өзгөрүүлөр улуттук өздүк ан-сезимин, салттуу баалуулуктарды жана маданий мурасын бекемдөөгө багытталган. Алар ааламдашуунун жана өзгөрүп жаткан дүйнөнүн шарттарында улуттук иденттүүлүктү жана маданий көп түрдүүлүктү сактоонун маанилүүлүгүн

баса белгилешет. Ошол эле учурда, салттуу жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга басым жасоо, мамлекеттин коомду жалпы моралдык жана руханий негиздердин тегерегинде бириктирүүгө болгон аракетин чагылдырат.

## КОРУТУНДУ

1. Конституция реформасын аныктоо боюнча ар түрдүү көз караштарды талдап, конституция реформасы мамлекеттин конституциясын өзгөртүү же кайра кароо процессин билдирет деп белгилөөгө болот.

Конституция реформасы конституциялык тартиптин ар кандай аспектилерин камтыйт, мисалы, мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртүү (парламенттик же президенттик республикага өтүү, мамлекеттик түзүлүшүнүн принциптерин өзгөртүү; жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин кеңейтүү же чектөө; бийлик органдарынын көзөмөлдүк жана баланс механизмдерин күчөтүү; азыркы социалдык жана маданий баалуулуктарды чагылдырган жаңы нормалар менен жоболорду киргизүү. Биздин өлкөдө болгон акыркы конституциялык реформа коомдук жана мамлекеттик жашоонун көптөгөн маселелерине тиешелүү болду.

2. Конституцияны ишке ашыруу боюнча төмөнкү моделдер бар: формалдуу ишке ашыруу модели, бул жерде конституция негизинен нормативдик документ катары эмес, идеологиялык акт катары колдонулат; ырааттуу ишке ашыруу модели, бул жерде конституциялык нормалар программалык мүнөздөгү нормалар катары көбүрөөк каралат жана алар өз алдынча нормативдик күчкө ээ эмес; чектелген ишке ашыруу модели, бул жерде конституциялык нормалар түздөн-түз колдонулат, укук колдонуучунун коомдук мамилелерди жөнгө салуудагы нормалардын толук маанисин баалоосун эске алуу, конституциялык чектөөлөрдү эске алуу менен түздөн-түз ишке ашыруу модели, бул жерде конституциялык нормалар жогорку юридикалык күчкө ээ жана түздөн-түз колдонулат, ар кандай юридикалык талаш-тартыштарды чечүүдө жана ар кандай укук мамилелерин жөнгө салууда колдонулушу мүмкүн; «жандуу» ишке ашыруу модели, бул жерде конституциялык нормалар ар кандай укуктук карым-катнаштарга, айрыкча каршы келген нормалар бар учурда колдонулат.

3. Чет өлкөлүк конституциялык реформаларын изилдөө, конституциялык нормаларды саясий, социалдык жана экономикалык өзгөрүүлөргө ылайыкташтыруунун ийгиликтүү мисалдарын аныктоого мүмкүнчүлүк берди. Бул билимдерди улуттук шарттарда колдонуу, коркунучтарды минималдаштырууга жана укуктук системаны ийгиликтүү модернизациялоонун жана учурдагы реалияларга ылайыкташтыруунун мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга шарт түзөт.

Институционалдык планда, башка өлкөлөрдөгү конституция реформаларын изилдөө, бийлик институттарынын негизги мыйзамдагы өзгөрүүлөрдүн таасири менен кандайча өзгөрүп жатканын аныктоого мүмкүндүк берди. Бул, мисалы, бийликтин көбүрөөк ачыктыгын жана жоопкерчилигин камсыз кылуучу механизмдери, сот бийлигининин көз

карандысыздыгын күчөтүү же жарандардын мамлекеттик башкарууга катышуусунун жаңы формаларын түзүү. Чет өлкөнүн тажрыйбасы, конституциялык реформалар саясий режимдерди кандайча өзгөртүшү, экономикалык өнүгүүгө таасир этиши жана эл аралык коомчулукка интеграцияны колдошу же тоскоолдук кылышы мүмкүн экенин көрсөтөт.

4. Кыргызстандагы конституциялык реформаларын методологиялык изилдөөнүн зарылдыгы, коомдун демократиялашуусу – бул биринчи кезекте, укуктук жана тарыхый-саясий фактор, бул конституциялык формадан экинчи формага өтүүнүн туруктуу тенденцияларынын болушун билдирет, бул конституционалдуулукту, тагыраак айтканда, кыргыз социумунда туруктуулукту камсыз кылуучу логикалык өтүүлөрдү билдирет.

5. Конституционалдуулук, көп тараптуу жана татаал категория болуп, аны кеминде үч көз караште карап чыгуу керек. Биринчи көз караш, юридикалык жактан, конституционалдуулук түшүнүгүн конституция менен чектелген мамлекеттик башкаруу аркылуу ачыкташтырат. Экинчи көз караш, философиялык-тарыхый жактан, конституционалдуулукту тарыхый конкреттүү көрүнүш катары карайт, ал коом менен мамлекет арасындагы байланыштарды изилдөө болуп саналат, бул жерде негизги роль конституцияга, мамлекеттин негизги мыйзамына, берилет. Үчүнчү көз караш, саясий жактан, конституционалдуулукту конституциялык башкаруу методдоруна негизделген белгилүү бир саясий системага катары көрөт.

6. Жаңы конституциялык демократияны либералдык-демократиялык баалуулуктарга негиздеп куруу, көз карандысыздыкты алгандан кийин, Кыргызстандагы бүт системанын маңызын аныктоочу сапаттуу жаңы саясий-укуктук реалияларды шарттады, бул «конституционалдуулук» жана «парламентаризм» түшүнүктөрүнүн пайда болушун жана алардын эволюциясын талдоо аркылуу мүмкүн болду, алардын натыйжасында ар кандай моделдер жана формалар пайда болду.

7. 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынгандан кийин айрыкча 2010-жылдагы Конституция менен салыштырганда өлкөнүн саясий системасында маанилүү өзгөрүүлөр болгон. Бул өзгөрүүлөр мамлекеттик бийлик структурасына, ар кандай бийлик тармактарынын өз ара аракеттенүү механизмдерине жана саясий системанын демократиялаштыруу деңгээлине таасир этти.

2021-жылдагы Конституцияда президенттин ролун күчөтүү боюнча түп тамырынан бери өзгөрүү болду. Кыргызстан президенттик башкаруу формасына кайтып келди, мында президент зор ыйгарым укуктарга ээ, анын ичинде аткаруучу бийликти көзөмөлдөө, ички саясатты жөнгө салуу жана мамлекеттик структураларды башкаруу боюнча көбүрөөк ыйгарым укуктарга ээ болду. Бул бийликтин өлкөдөгү саясий абалдын туруктуулугун орнотуу жана бириктирүү болгон аракеттеринен келип чыкты.

8. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын социалдык-экономикалык негиздери жеке менчикти коргоону камсыздайт, бул экономикалык туруктуулук жана өсүш үчүн маанилүү фактор болуп

эсептелет. Конституция жеке, мамлекеттик жана башка менчик формаларын таанып, коргойт, бул болсо ишкердикти жана инвестицияларды стимулдаштырат. Бул рыноктук экономиканы өнүктүрүүгө, ишкердик иш-аракеттерди жандандырууга жана ички - тышкы инвестицияларды тартууга шарт түзөт. Менчик укуктарын коргоо экономикалык активдүүлүктү стимулдаштырат, ал эми бул өз кезегинде жарандардын жашоо деңгээлин жогорулатууга жардам берет.

2021-жылдагы Конституцияда мамлекеттин экономикадагы жөнгө салуучу ролу боюнча жоболор чагылдырылган. Мамлекет экономикалык системада туруктуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылууга, ошондой эле ар кандай менчик формаларын, жеке демилгелерди колдоого милдеттүү, бирок ошону менен бирге стратегиялык тармактарда активдүү роль ойношу керек. Бул мамлекетке туруктуу өнүгүүнү жана социалдык адилеттүүлүктү камсыздоо үчүн экономикалык процессорго кийлигишүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай модель өтмө экономикасы бар өлкөлөр үчүн маанилүү, анткени мамлекеттик жөнгө салуу кризистердин алдын алууга жана ресурстарды бирдей бөлүштүрүүнү камсыздоого жардам берет.

Мындан сырткары, 2021-жылдагы Конституция баланын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын көбүрөөк эффективдүү жана ар тараптуу коргоо үчүн ыйгарым уккутуу институтун киргизди, бул өлкөнүн демократиялык өнүгүүсүнүн маанилүү багыты болуп саналат.

9. 2021-жылдагы Конституцияда коомдун руханий-маданий негиздерин жөнгө салуучу нормаларга чоң көңүл бурулган, анткени алар фундаменталдык баалуулуктарды, нормаларды жана дүйнөгө болгон көз карашты калыптандырат, алар коомдогу социалдык, саясий жана экономикалык процесстерге таасирин тийгизет.

Руханий-маданий баалуулуктар, мисалы, тил, каада-салттар, дин, искусство жана тарыхый эстеликтер, жалпы улуттук иденттүүлүктү түзүүнүн негизи болуп кызмат кылат. Алар адамдарга бирдиктүү улуттун бөлүгү катары улуттук өздүк ан-сезимди шарттап, өзүнүн өлкөсүнө болгон сыймыктанууну жогорулатат. Улуттук иденттүүлүк коомду бириктирүүгө жана этникалык же маданий негиздеги конфликттердин алдын алууга көмөктөшөт. Жалпы иденттүүлүктү күчөтүү мамлекеттик ички туруктуулукту сактоого жана тышкы чакырыктарга каршы туруу үчүн маанилүү келет. Ошондой эле, бул ар кандай этникалык жана маданий топторду бириккен коомго интеграциялоонун маанилүүлүгүн билдирип, сепаратизм жана конфликттердин тобокелдиктерин азайтууга жардам берет.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

1. Кыргыз Республикасынын учурдагы абалы мамлекеттик жана коомдук жашоонун ар түрдүү чөйрөлөрүндө масштабдуу өзгөрүүлөр менен мүнөздөлөт, бул конституциялык реформаны ошондой эле татаал, көп аспектилүү феномен катары тереңирээк изилдөөнү талап кылат. Конституциялык реформанын мазмунун изилдөө өлкөдө жүргүзүлүп жаткан

реформаларды объективдүү баалоо, ошондой эле ушул негизде жаңы идеяларды, көз караштарды жана концептуалдык позицияларды иштеп чыгуу үчүн керек.

2. Соңку конституциялык реформанын биринчи этабы 2020-жылдын аягында башталып, 2021-жылдын майында Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясын кабыл алуу менен аяктаган. Учурда конституциялык реформанын экинчи этабы жүрүүдө. Бул этапта Конституциянын нормаларын так жана үзгүлтүксүз аткарууну камсыз кылуу, бардык нормативдик-укуктук базаны ага ылайык келтирүү, жаңыланган саясий системаны калыптандыруу жана анын нормаларын ийгиликтүү, натыйжалуу ишке ашыруу үчүн бардык зарыл болгон шарттарды түзүү зарыл.

3. Конституциялык реформаны изилдөө процессинде анын изилдөө методологиясын колдонуу зарыл. Методология, конституциялык реформаларды талдоо, иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн системалаштырылган ыкманы колдонуп, реформаларды ишке ашыруу процессинин айкындуулугун жана негиздүүлүгүн жогорулатат.

4. Кыргыз Республикасында конституциялык реформаларды жүргүзүүдө эл аралык тажрыйбаны колдонуу маанилүү, анткени бул Кыргыз Республикасына туруктуу, натыйжалуу жана демократиялык укук системасын түзүүгө мүмкүндүк берет, аны менен катар туруктуулукту, демократиялуулукту жана эл аралык нормаларга ылайык келүүнү жогорулатат. Бирок эл аралык тажрыйбаны алуу учурунда кыргыз коомунун улуттук өзгөчөлүктөрүн жана салттарын эске алуу маанилүү, анткени бул реформаларды ийгиликтүү ишке ашырууга жардам берет.

5. Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамына «Элдик Курултай» жөнүндөгү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарыл, анткени аталган мыйзамда анын түзүлгөн негизги максаттары толук чагылдырылган эмес. Мисалы, мыйзамда мамлекеттик органдардын иши менен байланышкан элдик демилгелерди талкуулоо жана алдыга жылдыруу, үч бийлик бутактарынын органдарына жана башка мамлекеттик органдарга кеңеш берүү, стратегиялык мүнөздөгү жогорку сапаттагы чечимдерди кабыл алуу үчүн, кабыл алынган нормативдик укук актыларын аткаруунун тактыгын көзөмөлдөө сыяктуу маанилүү максаттар белгиленген эмес. Бул максаттарды ишке ашыруу Элдик Курултайга коомчулук менен тыгыз, үзгүлтүксүз байланышта иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет жана ал жарандык коомдун кадыр-барктуу өкүлү болуп саналат.

6. Экономикалык өнүгүү үчүн өлкөдө жакын арада менчик жана өндүрүштү негиздеген улуттук экономикалык модель түзүү зарыл. Мындай моделди иштеп чыгуу үчүн мыйзамдык негизди учурдагы Конституция камсыз кылып, менчик формаларынын көп түрдүүлүгүн белгилейт. Ал эми өндүрүш боюнча бизде абал дээрлик статикалык абалда турат. Ошондуктан, экономикалык маселелер менен алектенген мамлекеттик органдар кыска мөөнөт ичинде тарыхый, саясий жана экономикалык шарттарды эске алып, улуттук экономикалык моделди иштеп чыгышы керек.

Мамлекет өзгөчө турак-жай фонддорун түзүүгө жана колдоого, ошондой эле мыйзам менен белгиленген шарттарда турак жай сунуштай турган социалдык мекемелерди түзүүгө милдеттүү. Бул субсидияларды, жеңилдетилген ижара программаларын же социалдык турак жайды берүүнү камтышы мүмкүн. Акыркы жылдары мамлекеттик тараптан аз камсыз болгондорго жана муктаж жарандарга турак жай менен камсыздоо үчүн маанилүү иш-чаралар жүргүзүлүп жатканын белгилеп өтүү керек. Мисалы, ар кандай тармактардын кызматкерлерине мамлекеттик кызматтык батирлер курулуп жана бөлүнүп берилүүдө, ошондой эле мамлекеттик ипотекалык кредит программасы аркылуу муктаж жарандарга турак жай сунушталууда.

7. Учурда улуттук салттарды калыбына келтирүү зарылчылыгы пайда болду. Бул салттар убакыт сыноосунан өткөн, биздин элдин жашоосунун руханий жүзөгө ашыруусу болуп калды, жаңы идеялар менен көз караштарды, биздин элге мүнөздүү эмес, таңуулоого каршы. Элдик үрп-адаттарды жана каада-салттарды коргоо, сактоо максатында, өлкөнүн Президенти тарабынан бир катар Жарлыктар чыгарылды, алардын бир максаты – биздин коомдун жана мамлекеттин келечектеги өнүгүшү үчүн бар болгон салттуу руханий-адамгерчилик жана маданий баалуулуктарды сактоо. Ошондуктан, алардын бирдиктүүлүгүн жана пайдалануунун ыңгайлуулугун камсыз кылуу үчүн, бул ажыраган актыларды бир жерге топтош керек жана системалаштыруу ыкмасы аркылуу Кыргыз Республикасынын «Улуттук салттарды коргоо жана сактоо боюнча» бирдиктүү мыйзамды кабыл алуу зарыл.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектеринин тизмеси**

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору, натыйжалары жана корутундулары изденүүчү тарабынан илимий журналдарда 6 макаласы берилген:

1.
2.
3.
4.
5.
6.

**Жаркынбаев Толкунбек Жаркынбаевичтин 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн сунушталган “Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформанын теориялык маселелери (2010-2021-жж.)” аттуу диссертациясынын**


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** конституция, конституциялык реформа, конституционалдуулук, конституцияны жүзөгө ашыруу моделдери, конституциялык процесс, мамлекеттик башкаруу, мамлекеттин институттары.

**Изилдөөнүн объектиси** - Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформаларды жүзөгө ашыруу процессинде калыптанган коомдук карым-катнаштардын комплекси.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформаларды жүзөгө ашыруунун теориялык-укуктук маселелерин жөнгө салуучу ата-мекендик мыйзамдуулуктун нормалары саналат.

**Изилдөөнүн методологиясын** таанымдын эн жалпы методу катары материалистик диалектиканын методу түздү. Андан тышкары иште социалдык-философиялык, конкреттүү-социологиялык, салыштырмалуу-юридикалык, системалык-структуралык, логикалык, тарыхый-укуктук жана о.э. аксиология, герменевтика, компаративистика жана изилдөөнүн башка илимий методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн максаты** болуп Кыргыз Республикасындагы (2010-2021-жж.) конституциялык реформанын теориялык маселелерин комплекстүү илимий изилдөө жана анын негизинде Кыргыз Республикасындагы конституционализмдин андан аркы өнүгүүсүнө багытталган теориялык-практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу саналат.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы** диссертация өзүнө Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформалоонун теориялык маселелеринин алгачкы сонуна чыккан комплекстүү илимий изилдөөсүн жана өлкөнүн андан аркы конституциялык өнүгүү тенденцияларын ачып берүүнү камтуусунда турат.

**Колдонуу боюнча сунуштар** изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча алынган негизги жоболорду, корутундуларды жана практикалык сунуштамаларды колдонуу, андан тышкары Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформаларды жүзөгө ашыруу маселелерин кароодо киргизүү менен байланышкан.

**Колдонуу чөйрөсү**. Изилдөөнүн натыйжалары менен корутундулары мамлекеттик органдардын жана коомдук бирикмелердин практикалык ишмердүүлүгүндө андан аркы конституциялык реформалоонун концепцияларын иштеп чыгууда пайдаланылышы ыктымал. Изилдөөнүн илимий-практикалык натыйжалары окуу куралдарын даярдоо, «Мамлекет жана укук теориясы», «Конституциялык укук», «Муниципалдык укук» курстары боюнча студенттер үчүн атайын курстарды иштеп чыгуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Жаркынбаева Толкунбека Жаркынбаевича на тему “Теоретические проблемы конституционной реформы в Кыргызской Республике (2010 – 2021 гг.)» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.02. – Конституционное право; Муниципальное право**

**Ключевые слова:** конституция, конституционная реформа, конституционализм, модели реализации конституции, конституционный процксс, государственное управление, институты государства.

**Объект исследования** - комплекс общественных отношений, складывающихся в процессе осуществления конституционных реформ в Кыргызской Республике.

**Предметом исследования** нормы отечественного законодательства, регулирующие теоретико-правовые проблемы осуществления и реализации конституционных реформ в Кыргызской Республике.

**Методологию исследования** составил метод материалистической диалектики как всеобщий метод познания. В работе также использованы социально-философские, конкретно-социологические, сравнительно-юридические, системно-структурные, логические, историко-правовые, а также такие методы как метод аксиологии, герменевтики, компаративистики и другие научные методы исследования.

**Цель исследования** - комплексное научное исследование теоретических проблем конституционной реформы в Кыргызской Республике (2010 -2021 гг.) и разработка на этой основе теоретико-практических рекомендаций, направленных на дальнейшее развитие конституционализма в Кыргызской Республике.

**Полученные результаты и их новизна** заключается в том, что диссертация представляет собой первое самостоятельное законченное комплексное научное исследование теоретических проблем конституционного реформирования в Кыргызской Республике, и выявления тенденций дальнейшего конституционного развития страны.

**Рекомендации по использованию** опосредованы использованием основных положений, выводов и практических рекомендаций, полученных по итогам исследования, а также их внедрения при рассмотрении проблем реализации конституционных реформ в Кыргызской Республике.

**Область применения** Результаты и итоги исследования могут быть использованы в практической деятельности государственных органов и общественных объединений для выработки концепций дальнейшего конституционного реформирования. Научно-практические результаты исследования могут быть использованы процессе подготовки учебных пособий, разработки спецкурсов для студентов и могут использоваться по курсу «Теория государства и права», «Конституционное право Кыргызской Республики», «Муниципальное право».

## RESUME

**of the dissertation by Tolkunbek Jarkynbaev on the topic "Theoretical Problems of Constitutional Reform in the Kyrgyz Republic (2010 – 2021)" submitted for the degree of Candidate of Legal Sciences in the specialty 12.00.02 – Constitutional Law; Municipal Law.**

**Keywords:** constitution, constitutional reform, constitutionalism, models of constitution implementation, constitutional process, state governance, state institutions.

**The object** of the research is a complex of social relations that arise in the process of implementing constitutional reforms in the Kyrgyz Republic. The subject of the research consists of norms of domestic legislation regulating the theoretical and legal problems of implementing and realizing constitutional reforms in the Kyrgyz Republic.

**The methodology of the** research is based on the method of materialist dialectics as a universal method of cognition. The work also employs socio-philosophical, specific sociological, comparative-legal, systemic-structural, logical, historical-legal methods, as well as methods such as axiology, hermeneutics, and comparative studies among other scientific research methods.

**The aim of the research** is a comprehensive scientific investigation of the theoretical problems of constitutional reform in the Kyrgyz Republic (2010 - 2021) and the development of theoretical and practical recommendations aimed at further advancing constitutionalism in the Kyrgyz Republic.

**The results obtained** and their novelty lie in the fact that the dissertation represents the first independent, completed, and comprehensive scientific study of the theoretical problems of constitutional reform in the Kyrgyz Republic, identifying trends in the further constitutional development of the country.

**The recommendations for** use are mediated by the main provisions, conclusions, and practical recommendations obtained from the research, as well as their implementation in addressing the problems of constitutional reforms in the Kyrgyz Republic.

**The area of application** of the results and findings of the research can be used in the practical activities of state bodies and public organizations to develop concepts for further constitutional reform. The scientific and practical results of the research can also be utilized in preparing educational materials, developing special courses for students, and can be applied in the course "Theory of State and Law," "Constitutional Law of the Kyrgyz Republic," and "Municipal Law."